Тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 токтомуна)*

# Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелери (мындан ары - Эрежелер) милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасынын субъекттеринин ортосунда келип чыккан мамилелерди жөнгө салат.

2. Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруунун бирдиктүү системасы иштейт, мында ушул Эрежелердин 2-главасына ылайык камсыздандырылган катары аныкталган адамдар милдеттүү медициналык камсыздандырылууга тийиш.

3. Бул Эрежелерде төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) **милдеттүү медициналык камсыздандыруу (мындан ары - ММК)** - камсыздандыруу учуру келгенде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 493 "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын (мындан ары - Мамлекеттик кепилдиктер программасы) чегинде ММК каражаттарынын эсебинен камсыздандырылган адамга медициналык жардам көрсөтүүнүн кепилдигин камсыз кылууга багытталган мамлекет тарабынан түзүлүүчү укуктук, экономикалык жана уюштуруу чараларынын системасы болгон социалдык коргоонун бир түрү;

2) **камсыздандырылган адам** - камсыздандыруучуга ММК үчүн төгүмдөр келип түшкөн адам;

3) **камсыздандырылуучу (төлөөчү)** - ММКга төгүм төлөөнү жүргүзүүчү жеке же юридикалык жак;

4) **камсыздандыруучу** - ММК жаатында камсыздандыруу ишин жүзөгө ашыруучу юридикалык жак. ММКда камсыздандыруучу болуп Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандырууну жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана анын аймактык башкармалыктары (мындан ары - ММК фонду) эсептелет;

5) **кызмат көрсөтүүчү** - менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюму, фармацевттик мекеме же менчигинин түрүнө карабастан уюм же жеке медициналык практиканы же фармацевттик ишти жүргүзгөн, иштин бул түрүн жүргүзүүгө лицензиясы бар жана медициналык, профилактикалык, реабилитациялык, ден соолукту чыңдоочу, фармацевттик кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруучу жак;

6) **милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси (мындан ары - ММК полиси)** - ММК системасында ишке ашырылуучу мамлекеттик программалар боюнча медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укук жана камсыздандыруу статусун берүүчү документ;

7) **медициналык кызмат көрсөтүү** - Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жана ММК чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык кызмат көрсөтүүчүнүн чыгымдарынын ордун толтуруу каралган бейтапка медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн формасы;

8) **башка кызмат көрсөтүүлөр** - профилактикалык, фармацевтикалык, реабилитациялык, ден соолукту чыңдоочу жана дары-дармектер менен камсыздоочу кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнө камтыган бейтапка медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн формасы;

9) **эмгекке жарамдуу куракка жеткен адамдар** - ушул Эрежелердин 19-пунктунда көрсөтүлгөн жарандардын категорияларын, ошондой эле ММК же мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган адамдарды кошпогондо, он алты жашка толгон мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр;

10) **Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөгөн адамдар** - ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда, салык кызматы органында, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда, прокуратура органдарында кызмат өтөгөн, айрым укук коргоо функцияларын аткарган адамдар.

4. ММК боюнча камсыздандыруу статусун алган адамдардын укуктары жана милдеттери "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралат.

5. ММК системасына кирбеген Кыргыз Республикасынын жарандары медициналык, профилактикалык, реабилитациялык жана башка кызмат көрсөтүүлөргө өз алдынча жеке каражаттарынын эсебинен төлөйт.

ММК системасына кирбеген чет элдик жарандар медициналык, профилактикалык, реабилитациялык жана башка кызмат көрсөтүүлөргө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 15-июнундагы № 346 "Чет өлкөлүк граждандарды медициналык тейлөө жөнүндө" токтомуна ылайык өз алдынча жеке каражаттарынын эсебинен төлөйт.

## 2-глава. ММК системасынын субъекттери

6. ММК системасынын субъекттери болуп камсыздандырылган адам, камсыздандырылуучу, камсыздандыруучу жана кызмат көрсөтүүчү эсептелет.

7. ММК боюнча камсыздандырылгандар болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) Кыргыз Республикасынын жарандары:

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык эмгек келишиминин негизинде эмгек мамилелеринде тургандар;

- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу же ММК боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчү болуп эсептелген эмгекке жарамдуу куракка жеткен адамдар;

- Кыргыз Республикасында өзүнүн ишин жүргүзгөн жана киреше алган дыйкан (фермер) чарбалары, жеке ишкерлер жана жеке жактар;

- калкты иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызмат органдарында расмий катталган жумушсуз жарандар;

- Кыргыз Республикасынын аскер кызматчылары, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлери;

- пенсионерлер, анын ичинде аскер пенсионерлери;

- бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана социалдык жөлөкпул алган адамдар;

- он алты жашка толгонго чейинки балдар (жалпы билим берүү уюмдарынын жана медреселердин окуучулары - алар окуусун аяктаганга чейин, бирок он сегиз жаштан улуу эмес), баштапкы кесиптик окуу жайларынын, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттери - алар жыйырма бир жашка толгонго чейин (сырттан же кечки бөлүмдө окугандардан тышкары);

- Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында жана башка органдарда кызмат өтөп жаткан адамдар;

- Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жашаган жана мыйзамдуу негизде эмгек ишин жүргүзгөн Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден келген эмгекчилердин үй-бүлө мүчөлөрү;

- Кыргыз Республикасынын ММК жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында аныкталган ММК боюнча төгүмдөрдү төлөөчүлөр болуп саналган башка адамдар;

2) башка адамдар:

- Кыргыз Республикасында эмгек ишин жүзөгө ашыруу менен байланышпаган башка максаттар менен жүргөн Евразия экономикалык бирлигинин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү;

- чет элдик жарандар;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк адамдар;

- жарандыгы жок адамдар, качкындар жана Кыргыз Республикасынан баш калка издеген адамдар;

- кайрылмандар.

8. Камсыздандырылуучулар (төлөөчүлөр) ММКга төгүмдөрүн ММК жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган катышта жана өлчөмдө төлөшөт.

9. ММК фондунун атынан чыккан камсыздандыруучу Кыргыз Республикасында ММК боюнча камсыздандырылган жарандарды жана башка адамдарды акча каражаттарынын топтолгон фондунун эсебинен сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген камсыз кылууну ишке ашырат.

10. Кызмат көрсөтүүчүлөр Кыргыз Республикасында камсыздандырылган жарандарга жана башка адамдарга Мамлекеттик кепилдиктер программасында аныкталган көлөмдө жана шарттарда ММК боюнча сапаттуу медициналык жана башка кызматтарды көрсөтүүнү камсыз кылат.

## 3-глава. Кыргыз Республикасында ММК боюнча статусту алуу жана токтото туруу тартиби

11. Адам ММК боюнча камсыздандыруу статусуна төмөнкү учурларда ээ болот:

- ал же анын пайдасына ММК төгүмдөрү төлөнгөн учурда;

- ММК полисин сатып алган учурда.

Адам тарабынан же анын пайдасына ММК төгүмдөрүн төлөө ММК жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында камсыздандырылбаган адамдар тарабынан ММК полисин сатып алуу ММК фонду аныктаган тартипте ММК фондунун аймактык башкармалыктары аркылуу жүргүзүлөт.

12. Эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандар үчүн ММК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган шарттарда ММК боюнча камсыздандыруу статусуна ээ болот.

13. Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин эмгекчилери жана үй-бүлө мүчөлөрү, эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ММК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган шарттарда ММК боюнча камсыздандыруу статусуна ээ болушат.

14. Качкындар жана Кыргыз Республикасынан баш калка издегендер жана кайрылмандар Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ММК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында аныкталган шарттарда милдеттүү медициналык камсыздандыруу статусуна ээ болушат.

15. Чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк адамдар, эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк жарандары үчүн ММК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган шарттарда ММК боюнча камсыздандыруу статусун алууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандарды чакыруучу тараптын эсебинен милдеттүү медициналык камсыздандырууга жол берилет.

Чет өлкөлүк адамдарды кабыл алууну жана окутууну жүзөгө ашыруучу билим берүү мекемеси (уюму) окуп жаткан чет өлкөлүк адамдардын ММК полисин сатып алуусу үчүн чара көрүүгө милдеттүү.

16. Төмөнкү учурларда ММК боюнча жактардын статусу токтотулуп турат:

1) эгерде камсыздандыруу төгүмү камсыздандыруу төгүмдөрүн акыркы төлөгөн учурдан тартып катары менен үч календардык ай өткөндөн кийин келип түшпөсө.

Эскертүү: маалыматтар базасында камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөндүгүн тастыктоо жок болгон учурда, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөндүгүн ырастоо адам тарабынан иш берүүчүдөн маалымкат же болбосо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондундагы жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмө берүү түрүндө жүргүзүлөт;

2) ММК полисинин мөөнөтү бүткөн учурда;

3) камсыздандырылган адам белгиленген тартипте калкты иш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматынын иш менен камсыз кылуу органдарында каттоодо турган жумушсуздардын эсебинен чыгарылган учурда;

4) окууну аяктаганга чейинки, бирок он сегиз жаштан улуу эмес жалпы билим берүү уюмдарынын жана медреселердин окуучуларынан, жыйырма бир жашка толгонго чейинки башталгыч кесиптик окуу жайларынын, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттеринен (сырттан же кечки бөлүмдө окугандар кирбейт) тышкары ММКга төгүм төлөбөгөн же Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ММК полиси болбогон учурда эмгекке жарамдуу 16 жашка толгондо;

5) Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн мөөнөттүү аскердик кызмат аяктаган учурда;

6) социалдык статустун бар экендигин тастыктаган документтердин же күбөлүктөрдүн колдонуу мөөнөтү аяктаган учурда;

7) камсыздандырылган адам каза болгон учурда.

## 4-глава. ММК системасынын субъекттери тарабынан ММКга төгүмдөрдү төлөө тартиби

17. ММК төгүмдөрү Кыргыз Республикасынын иш берүүчүлөрү, кызматкерлери, жарандары, дыйкан (фермер) чарбалары, жеке ишкерлер жана Кыргыз Республикасында өз ишин жүргүзгөн жана киреше алган жеке жактар, юридикалык жактар, анын ичинде Кыргыз Республикасында туруктуу мекеме, ошондой эле чет өлкөлүк юридикалык жактардын филиалдары, өкүлчүлүктөрү аркылуу иш жүргүзгөн чет өлкөлүк юридикалык жактар тарабынан ММК жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган катышта жана өлчөмдө төлөнөт.

18. Мамлекет жарандардын төмөнкү категориялары үчүн камсыздандыруучу болуп саналат:

1) калкты иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызмат органдарында расмий катталган жумушсуз жарандар;

2) пенсионерлер, анын ичинде аскер пенсионерлери;

3) бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана социалдык жөлөкпул алган адамдар;

4) он алты жашка чейинки балдар (жалпы билим берүү уюмдарынын жана медреселердин окуучулары - алар окуусун аяктаганга чейин, бирок он сегиз жаштан улуу эмес), баштапкы кесиптик окуу жайларынын, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттери жыйырма бир жашка толгонго чейин (сырттан же кечки бөлүмдө окугандардан тышкары);

5) Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана башка органдарында кызмат өтөп жаткан адамдар;

6) Кыргыз Республикасынын аскер кызматчылары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлери.

19. Эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде окуган чет өлкөлүк жарандар, чет өлкөлүк жактар, ошондой эле жарандыгы жок адамдар үчүн төгүмдөрдү камсыздандыруучу же ММК жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар өз алдынча төлөшөт.

## 5-глава. Кыргыз Республикасында ММК боюнча камсыздандырылган жарандарга медициналык жана башка кызматтарды көрсөтүүнүн шарттары

20. Камсыздандыруучу камсыздандырылган жарандарга медициналык кызматтарды көрсөтүү үчүн кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдерди түзүү аркылуу камсыздандырылган адамдардын пайдасына аракеттенет. Камсыздандыруучу менен кызмат көрсөтүүчүнүн ортосундагы келишим жазуу жүзүндө түзүлөт. Келишимдерге Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын ченемдери колдонулат.

21. Кыргыз Республикасында ММК боюнча камсыздандырылган жана камсыздандырылбаган жарандарга медициналык, профилактикалык, реабилитациялык, ден соолукту чыңдоочу жана башка кызмат көрсөтүүлөр Мамлекеттик кепилдиктер программасында аныкталган көлөмдө жана шарттарда көрсөтүлөт.

22. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык, профилактикалык, реабилитациялык, ден соолукту чыңдоочу жана башка кызматтар Кыргыз Республикасында ММК боюнча камсыздандырылган жарандарга ММК фондунун маалымат базасында алар идентификациялангандан кийин көрсөтүлөт.

## 6-глава. Кыргыз Республикасында ММК боюнча статусту күбөлөндүрүүнүн негиздери

23. Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ММК статусун күбөлөндүрүүгө негиз болгон документ:

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык эмгек келишиминин негизинде эмгек мамилелеринде турган адамдар үчүн - Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);

2) эмгекке жарамдуу куракка жеткен, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр - Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);

3) калкты иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызмат органдарында расмий катталган жумушсуздар - калкты иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызмат органдары тарабынан берилген жумушсуз адамдын статусун ырастоочу документ жана Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);

4) пенсионерлер, анын ичинде аскер пенсионерлери - Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта) жана Кыргыз Республикасынын пенсиялык күбөлүгү;

5) бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана социалдык жөлөкпул алуучу адамдар - Кыргыз Республикасындагы социалдык коргоо жана социалдык камсыздоо органдары тарабынан берилген документ жана Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);

6) Кыргыз Республикасынын аскер кызматчылары - Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта) же аскер кызматчысынын күбөлүгү;

7) он алты жашка чейинки балдар (жалпы билим берүүчү уюмдардын жана медреселердин окуучулары - окуусун аяктаганга чейин, бирок он сегиз жаштан улуу эмес) - 16 жаштан 18 жашка чейинки балдар үчүн туулгандыгы тууралуу күбөлүк, уюмдардан жана мекемелерден - мектептерден, интернаттардан маалымкат;

8) баштапкы кесиптик окуу жайларынын, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттери жыйырма бир жашка чыкканга чейин (сырттан же кечки бөлүмдө окугандардан тышкары) - Кыргыз Республикасынын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү, Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта), окуган жеринен маалымкат же студенттик билет;

9) Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана башка органдарында кызмат өтөгөн адамдар - Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта) жана Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана башка органдарында кызмат өтөгөндүгү жөнүндө күбөлүк.

24. Башка жактар үчүн ММК статусун күбөлөндүрүү жүргүзүүгө негиз болгон документ:

1) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн - белгиленген үлгүдөгү паспорт жана ММК полисинин номери;

2) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин эмгекчилери жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн - белгиленген үлгүдөгү паспорт, идентификациялык жеке номер же ММК полисинин номери;

3) чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуган чет өлкөлүк адамдар үчүн - белгиленген үлгүдөгү паспорт, идентификациялык жеке номер жана ММК полисинин номери;

4) качкындар жана Кыргыз Республикасынан баш калка издеген адамдар үчүн - жарандыгы жок адамдарга Кыргыз Республикасында туруктуу же убактылуу жашоого укук берүүчү документ же качкын же Кыргыз Республикасынан баш калка издеген адам деп таанылган адамдын ким экендигин ырастоочу документ жана ММК полисинин номери;

5) кайрылмандар үчүн - кайрылман деп таанылган адамдын инсандыгын ырастоочу документ же кайрылмандын күбөлүгү жана ММК полисинин номери.

## 7-глава. Талаш-тартыштарды чечүү тартиби

25. ММК субъекттеринин ортосундагы талаш-тартыштарды чечүү жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Приложение

*(к постановлению Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2023 года № 597)*

**ПРАВИЛА**
**обязательного медицинского страхования граждан в Кыргызской Республике**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящие Правила обязательного медицинского страхования граждан в Кыргызской Республике (далее - Правила) регулируют отношения, возникающие между субъектами системы обязательного медицинского страхования.

2. В Кыргызской Республике действует единая система обязательного медицинского страхования, при которой лица, определенные в качестве застрахованных согласно главе 2 настоящих Правил, подлежат обязательному медицинскому страхованию.

3. В настоящих Правилах используются следующие понятия:

1) **обязательное медицинское страхование (далее - ОМС)** - вид социальной защиты, представляющий собой систему создаваемых государством правовых, экономических и организационных мер, направленных на обеспечение, при наступлении страхового случая, гарантии оказания застрахованному лицу медицинской помощи за счет средств ОМС в пределах Программы государственных гарантий по обеспечению граждан медико-санитарной помощью (далее - Программа государственных гарантий), утвержденной постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики "Об утверждении Программы государственных гарантий по обеспечению граждан медико-санитарной помощью" от 21 сентября 2023 года № 493;

2) **застрахованный** - лицо, в отношении которого поступают взносы на ОМС к страховщику;

3) **страхователь (плательщик)** - физическое или юридическое лицо, производящее выплату взносов на ОМС;

4) **страховщик** - юридическое лицо, осуществляющее страховую деятельность в области ОМС. Страховщиком при ОМС выступает Фонд обязательного медицинского страхования при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики и его территориальные управления (далее - Фонд ОМС), осуществляющие ОМС граждан в Кыргызской Республике;

5) **поставщик** - организация здравоохранения независимо от формы собственности, фармацевтическое учреждение или организация независимо от формы собственности либо лицо, ведущее частную медицинскую практику или фармацевтическую деятельность, имеющие лицензию на занятие данным видом деятельности и осуществляющие медицинские, профилактические, реабилитационные, оздоровительные, фармацевтические услуги;

6) **полис обязательного медицинского страхования (далее - полис ОМС)** - документ, дающий право на получение медицинских услуг по реализуемым государственным программам в системе ОМС и статус застрахованности;

7) **медицинская услуга** - форма предоставления медико-санитарной помощи пациенту, за которую предусматривается возмещение произведенных затрат Поставщику в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере здравоохранения и ОМС;

8) **иные услуги** - форма предоставления медико-санитарной помощи пациенту, включающая в себя профилактические, фармацевтические, реабилитационные, оздоровительные услуги и лекарственное обеспечение;

9) **лица, достигшие трудоспособного возраста** - плательщики страховых взносов по государственному социальному страхованию, достигшие шестнадцатилетнего возраста за

исключением категорий граждан, указанных в пункте 19 настоящих Правил, а также лиц, определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС или государственного социального страхования;

10) **лица, осуществляющие службу в правоохранительных органах Кыргызской Республики** - лица, осуществляющие службу в уполномоченном государственном органе в сфере внутренних дел, органе налоговой службы, уполномоченном государственном органе в сфере исполнения наказаний, уполномоченном государственном органе в сфере таможенного дела, органов прокуратуры, которые реализуют отдельные правоохранительные функции.

4. Права и обязанности лиц, получивших статус застрахованности по ОМС, предусматриваются Законом Кыргызской Республики "О медицинском страховании граждан в Кыргызской Республике", и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, а также вступившими в силу в установленном законодательством порядке международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

5. Граждане Кыргызской Республики, не охваченные системой ОМС, медицинские, профилактические, реабилитационные и иные услуги оплачивают самостоятельно за счет собственных средств.

Иностранные граждане, не охваченные системой ОМС, медицинские, профилактические и иные услуги, оплачивают самостоятельно за счет собственных средств в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики "О медицинском обслуживании иностранных граждан" от 15 июня 2000 года № 346.

## Глава 2. Субъекты системы ОМС

6. Субъектами системы ОМС выступают: застрахованный, страхователь, страховщик и поставщик.

7. Застрахованными по ОМС являются:

1) граждане Кыргызской Республики:

- состоящие в трудовых отношениях на основании трудовых договоров в соответствии с Трудовым кодексом Кыргызской Республики;

- лица, достигшие трудоспособного возраста, являющиеся плательщиками страховых взносов по государственному социальному страхованию или ОМС;

- крестьянские (фермерские) хозяйства, индивидуальные предприниматели и физические лица, осуществляющие свою деятельность и получающие доход в Кыргызской Республике;

- безработные, официально зарегистрированные в органах государственной службы занятости населения;

- военнослужащие Кыргызской Республики, сотрудники органов национальной безопасности Кыргызской Республики;

- пенсионеры, в том числе военные пенсионеры;

- лица с ограниченными возможностями здоровья с детства и лица, получающие социальные пособия;

- дети до достижения ими возраста шестнадцати лет (учащиеся общеобразовательных организаций и в медресе - до окончания ими обучения, но не более чем до достижения ими возраста восемнадцати лет), учащиеся начальных профессиональных учебных заведений, студенты средних и высших профессиональных учебных заведений до достижения ими возраста двадцати одного года (кроме обучающихся заочно или на вечернем отделении);

- лица, осуществляющие службу в правоохранительных и иных органах Кыргызской Республики;

- члены семей трудящихся из государств-членов Евразийского экономического союза, законно находящихся и на законном основании осуществляющих трудовую деятельность на территории Кыргызской Республики;

- другие лица, являющиеся плательщиками взносов на ОМС определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС и государственному социальному страхованию;

2) иные лица:

- граждане Евразийского экономического союза, находящиеся в Кыргызской Республике с иными целями, не связанными с осуществлением трудовой деятельности, и члены их семей;

- иностранные граждане;

- иностранные лица, обучающиеся в образовательных организациях Кыргызской Республики;

- лица без гражданства, беженцы и лица, ищущие убежище в Кыргызской Республике;

- кайрылманы.

8. Страхователи (плательщики) осуществляют выплату взносов на ОМС в соотношении и размерах, определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС и государственного социального страхования.

9. Страховщик в лице Фонда ОМС обеспечивает гарантированное обеспечение застрахованных граждан и иных лиц в Кыргызской Республике по ОМС качественной медицинской и профилактической помощью за счет консолидированного фонда денежных средств.

10. Поставщики обеспечивают оказание качественных медицинских и иных услуг застрахованным гражданам и иным лицам в Кыргызской Республике по ОМС в объемах и условиях, определенных Программой государственных гарантий.

## Глава 3. Порядок приобретения и приостановление статуса по ОМС в Кыргызской Республике

11. Статус застрахованности по ОМС приобретается лицом в случае:

- уплаты им или в пользу него взносов на ОМС;

- приобретения полиса ОМС.

Уплата лицом или в пользу него взносов на ОМС производится в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС и государственного социального страхования.

Приобретение полиса ОМС незастрахованными лицами в Кыргызской Республике осуществляется через территориальные управления Фонда ОМС в порядке, определяемом Фондом ОМС.

12. Граждане и члены их семей государств-членов Евразийского экономического союза приобретают статус застрахованности по ОМС на условиях, определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС для иностранных граждан в Кыргызской Республике, если иное не предусмотрено вступившими в силу в установленном законодательством порядке международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

13. Трудящиеся государств-членов и члены семьи Евразийского экономического союза, приобретают статус застрахованности по ОМС на условиях, определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС для граждан Кыргызской Республики, если иное не предусмотрено вступившими в силу в установленном законодательством порядке международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

14. Беженцы и лица, ищущие убежище в Кыргызской Республике и кайрылманы приобретают статус застрахованности по ОМС на условиях, определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС для граждан Кыргызской Республики.

15. Иностранные граждане, лица без гражданства и иностранные лица, обучающиеся в образовательных организациях Кыргызской Республики, обязаны приобретать статус застрахованности по ОМС на условиях, определенных законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС для иностранных граждан Кыргызской Республики, если иное не предусмотрено

вступившими в силу в установленном законодательством порядке международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

Допускается обязательное медицинское страхование иностранных граждан за счет приглашающей стороны в Кыргызской Республике.

Образовательное учреждение (организация), осуществляющее прием и обучение иностранных лиц обязано принимать меры для приобретения обучающимися иностранными лицами полиса ОМС.

16. Статус лиц по ОМС приостанавливается:

1) если страховой взнос не поступил по истечении трех календарных месяцев подряд с момента поступления последней оплаты страховых взносов.

Примечание: в случае отсутствия в базе данных подтверждения уплаты страховых взносов, подтверждение оплаты страховых взносов осуществляется лицом в виде предоставления справки от работодателя либо выписки из личного страхового счета от Социального фонда Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики;

2) в случае истечения срока действия полиса ОМС;

3) в случае снятия застрахованного лица с учета неработающих лиц, зарегистрированных в органах занятости государственной службы занятости населения в установленном порядке;

4) достижения трудоспособного возраста 16 лет при отсутствии выплат взносов на ОМС или полиса ОМС для граждан Кыргызской Республики за исключением учащихся в общеобразовательных организациях и в медресе - до окончания ими обучения, но не более чем до достижения ими возраста восемнадцати лет), учащихся в начальных профессиональных учебных заведениях, студентов средних и высших профессиональных учебных заведений до достижения ими возраста двадцати одного года (кроме обучающихся заочно или на вечернем отделении);

5) завершения срочной военной службы для граждан Кыргызской Республики;

6) завершения периода действия документов или свидетельства, подтверждающее наличие социального статуса;

7) смерти застрахованного лица.

## Глава 4. Порядок уплаты взносов на ОМС субъектами системы ОМС

17. Взносы на ОМС выплачиваются работодателями, работниками, гражданами Кыргызской Республики, крестьянскими (фермерскими) хозяйствами, индивидуальными предпринимателями и физическими лицами, осуществляющими свою деятельность и получающие доход в Кыргызской Республике, юридическими лицами, включая иностранных юридических лиц, осуществляющих деятельность в Кыргызской Республике через постоянное учреждение, а также филиалы, представительства иностранных юридических лиц, в соотношении и размерах, определяемых законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС и государственному социальному страхованию.

18. Государство является страхователем для следующих категорий граждан:

1) безработных граждан, официально зарегистрированных в органах государственной службы занятости населения;

2) пенсионеров, в том числе военных пенсионеров;

3) лиц с ограниченными возможностями здоровья с детства и лиц, получающих социальные пособия;

4) детей до достижения ими возраста шестнадцати лет (учащихся общеобразовательных организаций и в медресе - до окончания ими обучения, но не более чем до достижения ими возраста восемнадцати лет), учащихся начальных профессиональных учебных заведений, студентов средних и высших профессиональных учебных заведений до достижения ими возраста двадцати одного года (кроме обучающихся заочно или на вечернем отделении);

5) лиц, проходящие службу в правоохранительных и иных органах Кыргызской Республики;

6) военнослужащих Кыргызской Республики, в том числе сотрудников органов национальной безопасности Кыргызской Республики.

19. Взносы за иностранных граждан, иностранных лиц, обучающихся в образовательных учреждениях Кыргызской Республики, а также за лиц без гражданства, уплачиваются страхователем или самостоятельно иностранными гражданами и лицами без гражданства в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере ОМС и государственного социального страхования, если иное не предусмотрено вступившими в силу в установленном законодательством порядке международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

## Глава 5. Условия предоставления медицинских и иных услуг гражданам в Кыргызской Республике застрахованным по ОМС

20. Страховщик выступает в пользу застрахованных лиц, заключая договоры с поставщиками на оказание медицинских услуг застрахованным гражданам. Договор между страховщиком и поставщиком заключается в письменной форме. К договорам применяются нормы гражданского законодательства Кыргызской Республики.

21. Медицинские, профилактические, реабилитационные и оздоровительные и иные услуги застрахованным и незастрахованным гражданам в Кыргызской Республике по ОМС оказываются в объемах и на условиях, определенных Программой государственных гарантий.

22. Медицинские профилактические, реабилитационные и оздоровительные, и иные услуги в рамках Программы государственных гарантий предоставляются застрахованным гражданам в Кыргызской Республике по ОМС после их идентификации в базе данных Фонда ОМС.

## Глава 6. Основания удостоверения статуса по ОМС в Кыргызской Республике

23. Документ, на основании которого производится удостоверение статуса по ОМС для граждан Кыргызской Республики:

1) лиц, состоящих в трудовых отношениях на основании трудовых договоров в соответствии с Трудовым кодексом Кыргызской Республики - паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта);

2) лиц, достигших трудоспособного возраста, являющихся плательщиками страховых взносов по государственному социальному страхованию - паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта);

3) безработных, официально зарегистрированных в органах государственной службы занятости населения - документ, выданный органами государственной службы занятости населения, подтверждающий статус безработного и паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта);

4) пенсионеров, в том числе военных пенсионеров - паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта) и пенсионное удостоверение Кыргызской Республики;

5) лиц с ограниченными возможностями здоровья с детства и лица, получающих социальные пособия - документ, выданный органами социальной защиты и социального обеспечения в Кыргызской Республике и паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта);

6) военнослужащих Кыргызской Республики - паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта) или удостоверение военнослужащего;

7) детей до достижения ими возраста шестнадцати лет (учащиеся общеобразовательных организаций и в медресе - до окончания ими обучения, но не более чем до достижения ими возраста восемнадцати лет - свидетельство о рождении, справка из организаций и учреждений - школы, интернаты для детей от 16 до 18 лет);

8) учащихся начальных профессиональных учебных заведений, студентов средних и высших профессиональных учебных заведений до достижения ими возраста двадцати одного года (кроме обучающихся заочно или на вечернем отделении) - свидетельство о рождении Кыргызской Республики, паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта), справка с места учебы или студенческий билет;

9) лиц, осуществляющих службу в правоохранительных и иных органах Кыргызской Республики - паспорт гражданина Кыргызской Республики (ID-карта) и удостоверение об осуществлении службы в правоохранительных и иных органах Кыргызской Республики.

24. Документ, на основании которого производится удостоверение статуса по ОМС для иных лиц:

1) граждан и членов их семей государств-членов Евразийского экономического союза - паспорт установленного образца и номер полиса ОМС;

2) трудящихся государств-членов и членов их семьи Евразийского экономического союза - паспорт установленного образца персональный идентификационный номер или номер полиса ОМС;

3) иностранных граждан, лиц без гражданства, а также иностранных лиц, обучающихся в образовательных организациях Кыргызской Республики - паспорт установленного образца персональный идентификационный номер и номер полиса ОМС;

4) беженцев и лиц, ищущих убежище в Кыргызской Республике - документ, дающий право лицам без гражданства на постоянное или временное проживание в Кыргызской Республике или документ, удостоверяющий личность лица, признанного беженцем или лицом, ищущим убежище в Кыргызской Республике и номер полиса ОМС;

5) кайрылманов - документ, удостоверяющий личность лица, признанного кайрылманом или удостоверение кайрылмана и номер полиса ОМС.

## Глава 7. Порядок разрешения споров

25. Разрешение споров между субъектами ОМС осуществляется в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики о порядке рассмотрения обращений граждан или гражданским законодательством Кыргызской Республики.